## 2025-жылдагы Кыргыз Республикасынын калкынын кедейчилик деңгээли жөнүндө

Кыргыз Республикасындагы калктын бакубат жашоо деңгээлин баалоонун натыйжалары Улутстатком тарабынан ар бир квартал сайын 5 016 үй чарбаларында жүргүзүлгөн үй чарбалардын бюджетинин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт. Сурамжылоонун натыйжалары көрсөткөндөй, керектөө чыгымдары боюнча эсептелген кедейчиликтин деңгээли 2025-жылы жалпы республика боюнча 24,0 пайызды түзүп, мурунку жылга карата 1,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Кедейчиликтин деңгээлин баалоо үчүн чектик маани катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кедейчиликтин чегин аныктоо методикасынын 3.7-пунктуна ылайык керектөө бааларынын орточо жылдык индексине индексацияланган 2024-жылга карата кедейчиликтин чеги колдонулган.


2025-жылы керектөө бааларынын индекси (КБИ) өткөн жылга салыштырмалуу 108,2 пайызды түзгөн, мында азык-түлүк товарларынын жана алкоголсуз суусундуктардын КБИ 109,7 пайыз, ал эми азык-түлүк эмес товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн КБИ 106,4 пайыз деңгээлинде түзүлгөн. 2025-жылы кедейчиликтин жалпы чегинин нарктык чоңдугу калктын жан башына эсептегенде 70 963 сомду, ал эми кедейчиликтин акыркы чегинин нарктык чоңдугу 45 364 сомду түзгөн.

Айыл жерлериндеги кедейчиликтин деңгээли 1,3 пайыздык пунктка, ал эми шаар жерлеринде 2,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

2025-жылы 1 млн. 779 миң адам кедейчиликтин чегинен төмөн жашаган, алардын 62,2 пайызы айыл жергесинин жашоочулары болуп саналат. Ошондой эле, 0-17 жаштагы балдардын 29,7 пайызы же 906,4 миң бала кедейчилик шарттарында жашаган.

**1-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*



2025-жылы өткөн жылга салыштырмалуу кедейчиликтин деңгээли Нарын облусунда 9,5 пайыздык пунктка, Жалал-Абад облусунда 5,9 пайыздык пунктка, Баткен облусунда 5,5 пайыздык пунктка, Ысык-Көл облусунда 4,2 пайыздык пунктка жана Чүй облусунда 0,7 пайыздык пунктка кыскарган. Ошону менен бирге, кедейчиликтин деңгээлинин өсүшү Ош облусунда (6,7 пайыздык пунктка) жана Талас облусунда (3,7 пайыздык пунктка) байкалган. Кедейчиликтин деңгээли Бишкек жана Ош шаарында тиешелүүлүгүнө жараша 2,3 жана 4,3 пайыздык пунктка кыскарган.

**1-таблица. Аймактар боюнча кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **33,3** | **33,2** | **29,8** | **25,7** | **24,0** |
| Баткен облусу | 40,7 | 48,5 | 48,1 | 44,0 | 38,5 |
| Жалал-Абад облусу | 43,2 | 47,1 | 36,1 | 32,9 | 27,0 |
| Ысык-Көл облусу | 38,1 | 31,2 | 30,9 | 28,3 | 24,1 |
| Нарын облусу | 39,2 | 42,0 | 38,1 | 36,0 | 26,5 |
| Ош облусу | 23,8 | 19,9 | 20,4 | 19,8 | 26,5 |
| Талас облусу | 23,5 | 23,9 | 23,2 | 19,9 | 23,6 |
| Чүй облусу | 27,0 | 26,1 | 26,6 | 21,7 | 21,0 |
| Бишкек ш. | 35,8 | 35,7 | 32,4 | 23,4 | 21,1 |
| Ош ш. | 28,6 | 26,6 | 13,9 | 7,6 | 3,3 |

2025-жылы кедейчиликтин акыркы деңгээли жалпы республика боюнча 3,6 пайызды түздү жана мурунку жылга салыштырганда 0,9 пайыздык пунктка жогорулады. Кедейчиликтин акыркы чегинен төмөн жашаган калктын саны 268,1 миң адамды түзүп, анын 74,2 пайызы айыл жерлериндеги калктуу пункттардын жашоочулары болуп эсептелди.

Кедейчиликтин акыркы деңгээли Баткен облусунда - 4,6 пайыздык пунктка, Нарын облусунда - 3,9 пайыздык пунктка, Бишкек шаарында - 1,9 пайыздык пунктка, Чүй облусунда - 1,7 пайыздык пунктка жана Ысык-Көл облусунда - 0,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Ошону менен бирге, кедейчиликтин акыркы деңгээлинин өсүшү Ош облусунда (6,5 пайыздык пунктка), Жалал-Абад облусунда (3,8 пайыздык пунктка), жана Талас облусунда (1,8 пайыздык пунктка) байкалган.

**2-таблица. Аймактар боюнча кедейчиликтин акыркы деңгээли**


*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **6,0** | **6,0** | **5,0** | **2,7** | **3,6** |
| Баткен облусу | 10,1 | 16,5 | 16,1 | 11,8 | 7,2 |
| Жалал-Абад облусу | 7,5 | 9,1 | 5,0 | 1,6 | 5,4 |
| Ысык-Көл облусу | 8,0 | 8,8 | 7,2 | 3,5 | 3,4 |
| Нарын облусу | 8,2 | 6,7 | 5,6 | 5,4 | 1,5 |
| Ош облусу | 2,1 | 0,5 | 0,3 | 0,3 | 6,8 |
| Талас облусу | 2,6 | 2,2 | 4,2 | 2,1 | 3,9 |
| Чүй облусу | 4,0 | 5,1 | 4,5 | 2,4 | 0,7 |
| Бишкек ш. | 9,5 | 3,9 | 5,7 | 2,7 | 0,8 |
| Ош ш. | 3,1 | 7,0 | 1,4 | 0,0 | 0,0 |

2025-жылы айыл жерлеринде кедейчиликтин акыркы деңгээли мурунку жылга салыштырмалуу 1,9 пайыздык пунктка жогорулаган, ал эми шаар жеринде тескерисинче 0,4 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

**2-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин акыркы деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*




2025-жылы кедейчиликтин чегине салыштырмалуу кедей калктын бюджетинин тартыштыгын мүнөздөгөн кедейчиликтин тереңдиги 4,9 пайызды түзгөн жана мурунку жылга салыштырмалуу 0,2 пайыздык пунктка жогорулаган, ал эми кедейчиликтин курчтугу 1,4 пайызды түзүп, 0,1 пайыздык пунктка жогорулаган.

Эсептөөлөргө ылайык, 2025-жылы кедейчиликтин чегинен төмөн жашаган калкты кедейчиликтин чегинде керектөөсүн камсыз кылуу үчүн 25 миллиард сом керектелет.

Кедейчиликтин деңгээлин эсептөө үчүн керектөөнүн наркы колдонулат, баалоо боюнча ал калктын кирешесинен түздөн-түз көз каранды. Милдеттүү төлөмдөрдү жана төгүмдөрдү алып салуу менен кирешелерди мүнөздөгөн калктын жан башына алгандагы колдо бар акчалай кирешелери 2025-жылы айына 11 810,1 сом деңгээлинде түзүлдү жана мурунку жылга салыштырмалуу 5,5 пайызга өстү, бул абсолюттук мааниде 491,5 сомду түздү, ал эми бул мезгилде реалдуу акчалай кирешелер 3,3 пайызга азайган. 2025-жылдагы калктын жан башына алгандагы колдо бар орточо акчалай кирешелери эмгек акыдан түшкөн кирешенин 12,8 пайызга, жеке эмгек ишмердигинен түшкөн кирешенин 24,8 пайызга жогорулашы жана социалдык трансферттердин 5,2 пайызга төмөндөшү менен мүнөздөлөт.

Калктын акчалай кирешелеринин негизги булагы эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелер болуп саналды, колдо бар кирешелердин түзүмүндөгү алардын салыштырма салмагы 77,7 пайызды түздү, ал эми социалдык трансферттер 13,7 пайызды, жеке көмөкчү чарбаларда өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн кирешелер 5,9 пайызды түзгөн.

Калктын жан башына алгандагы колдо бар орточо акчалай кирешелеринин түзүмүндө эмгек акынын үлүшү 45,8 пайызды, жеке эмгек ишмердигинин үлүшү 15,6 пайызды түздү.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда ишке ашырылган эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелердин үлүшү, жалпы эмгек ишмердигинен түшкөн акчалай кирешелердин курамында, өлкө боюнча 20,7 пайызды түздү. Ал эми Ош облусунда – 40,9 пайызды, Баткен облусунда – 38,5 пайызды, Жалал-Абад облусунда – 35,6 пайызды, Ысык-Көл облусунда – 10,3 пайызды жана Ош шаарында – 18,0 пайызды түздү.

**3-таблица. Аймактар боюнча калктын колунда болгон акчалай кирешелеринин түзүмү**

*(пайыз менен)*

| | Эмгек ишмердигинен түшкөн | | Социалдык трансферттер | Жеке көмөкчү чарбалар-дан түшкөн киреше | Башка киреше |
|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде Кыргыз Республика-сынан тышкары | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **77,7** | **20,7** | **13,7** | **5,9** | **2,7** |
| Баткен облусу | 74,0 | 38,5 | 14,6 | 9,7 | 1,6 |
| Жалал-Абад облусу | 84,0 | 35,6 | 11,7 | 1,3 | 3,1 |
| Ысык-Көл облусу | 60,8 | 10,3 | 18,6 | 15,1 | 5,5 |
| Нарын облусу | 43,8 | 0,4 | 28,3 | 22,4 | 5,5 |
| Ош облусу | 80,8 | 40,9 | 13,7 | 3,3 | 2,2 |
| Талас облусу | 52,6 | 14,8 | 15,0 | 30,8 | 1,5 |
| Чүй облусу | 74,0 | 8,0 | 13,0 | 11,7 | 1,3 |
| Бишкек ш. | 86,0 | 1,8 | 12,2 | 0,0 | 1,8 |
| Ош ш. | 81,1 | 18,0 | 11,6 | 0,1 | 7,2 |

Калктын жашоосунун материалдык абалына тышкы факторлор таасирин тийгизет. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, эмгек мигранттарынын кирешелерин керектөөнүн наркынан алып салганда кедейчиликтин деңгээли жалпы республика боюнча орточо эсеп менен 24,0 пайыздан 34,9 пайызга чейин өсөт. Ошол эле учурда, Ош облусундагы кедейчилик – 26,5 пайыздан 48,5 пайызга чейин, Жалал-Абад облусунда – 27,0 пайыздан 43,4 пайызга чейин, Баткен облусунда - 38,5 пайыздан 54,8 пайызга чейин, Талас облусунда – 23,6 пайыздан 30,0 пайызга чейин, Чүй облусунда – 21,0 пайыздан 26,9 пайызга чейин жана Ош шаарында 3,3 пайыздан 12,4 пайызга чейин жогорулайт, ошол эле убакта калган региондордо анын көрсөткүчү көп өзгөрүлбөйт.

**4-таблица. Кыргыз Республикасынан тышкары эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелерди эсепке албагандагы кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **42,8** | **43,3** | **41,6** | **37,3** | **34,9** |
| Баткен облусу | 60,9 | 68,5 | 65,8 | 65,5 | 54,8 |
| Жалал-Абад облусу | 56,0 | 57,5 | 50,7 | 46,5 | 43,4 |

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл облусу | 43,1 | 37,4 | 38,2 | 37,6 | 29,2 |
| Нарын облусу | 39,2 | 42,3 | 38,2 | 36,0 | 27,1 |
| Ош облусу | 40,5 | 41,1 | 44,1 | 43,9 | 48,5 |
| Талас облусу | 30,3 | 29,2 | 28,7 | 23,9 | 30,0 |
| Чүй облусу | 34,0 | 33,7 | 34,1 | 28,3 | 26,9 |
| Бишкек ш. | 36,2 | 37,0 | 34,5 | 25,0 | 22,2 |
| Ош ш. | 32,5 | 29,9 | 21,6 | 16,5 | 12,4 |

Эмгек мигранттарынын кирешелери кедейчиликтин акыркы деңгээлине олуттуу таасирин тийгизет, аларды чыгарып салганда кедейчиликтин акыркы деңгээли 3,6 пайыздан 15,8 пайызга чейин өсөт.

Керектөө наркы кедейчиликтин чегинин чоңдугунан бир аз айырмаланган калктын жыштыгы мурдагыдай эле жогору болууда. Кедейчиликтин чегинин сезгичтигин талдоо көрсөткөндөй, 2025-жылы бакубатчылык индикаторунун өзгөрүлбөй түзүлгөн чоңдугу кедейчиликтин чегинин 5,0 пайызга же калктын жан башына алганда айына 296 сомго өсүү шартында кедейлердин үлүшү 3,9 пайыздык пунктка өсөт, ал эми кедейчиликтин чеги 5,0 пайызга төмөндөгөндө кедейлердин үлүшү 3,4 пайыздык пунктка азайат. Ошентип, кедейчиликтин чегинин айланасындагы калктын тыгыз концентрациясы калктын олуттуу бөлүгүнүн кедей эместер категориясынан кедейлер категориясына өтүү же тескерисинче болуу ыктымалдуулугун күчөтөт, бул региондордун кедейчилик деңгээлинин көрсөткүчтөрүнө чагылдырылат жана кедейчиликтин көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясын жарым-жартылай түшүндүрөт.

2025-жылы калктын 24,0 пайызы кедейчилик шартында жашаса, калктын 7,3 пайызы кедейчиликтин кооптуулугу бар зонада болгон.